DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Авязова А.М.*

# СЫН АТООЧТУН КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

*Авязова А.М.*

# ИССЛЕДОВАНИЕ ИМЕНИ ПРИЛАГАТЕЛЬНОГО В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*A.M. Avyazova*

# INVESTIGATION OF ADJECTIVES IN KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 17:51*

*Бул макалада сын атоочтун кыргыз тил илиминде изилдениши, окумуштуулардын сын атоочторду бөлүштүрүүдөгү жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү салыштырылып иликтөөгө алынат. Зат атоочтор менен сын атоочтордун айырмалуу жактары катары, зат атоочтор жеке, өзүнчө колдонулганда белгини билгизүүчү касиетинен ажыраары, ал эми сын атоочтор дайыма белгилик мааниге ээ болууну; сын атооч нагыз өз маанисинде турганда жөндөмөдө, таандык категориялары менен өзгөрбөй, көптүк сандын – лар мүчөсүн да кабыл албай тургандыгы, затташкан учурда гана бул мүчөлөр менен өзгөрөөрү белгиленген. Ошондой эле сапаттык жана катыштык сын атоочтор, алардын маанилик бөлүнүшү, сын атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы, даража категориясы, сын атоочтордун заттанышы жөнүндө негизги маалыматтар берилет. Мындан сырткары сын атоочтор менен атоочтуктардын, зат атоочтордун окшош жана айырмалуу белгилерин көрсөткөн. Мындай окшоштукка карап сын атооч менен атоочтуктарды, зат атоочторду бардык жагынан бирдей сөздөр, демек, бир эле сөз түркүмү деп эсептөөгө мүмкүн эмес экендиги, алардын өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *сын атооч, зат атооч, мүчөлөр, сөз, мүчө, таандык категория, көптүк сан.*

*В статье рассматриваются вопросы исследования, распределения и особенности имен прилагательных в кыргызском языке. Различие между существительными и прилагательными заключается в том, что существительные теряют свое значение при индивидуальном использовании, а прилагательные всегда имеют определенное значение; Утверждается, что когда прилагательное находится в его истинном смысле, оно не изменяется с категориями, к которым оно принадлежит, и не принимает члена множественного числа, а только с этими членами, когда оно присутствует. Он также предоставляет основную информацию о качественных и относительных прилагательных, их семантическом разделении, синтаксическом построении прилагательных, категории степени, природе прилагательных. Кроме того, прилагательные и прилагательные показали сходства и различия. На основании этого сходства показано, что прилагательные и прилагательные не являются одинаковыми во всех отношениях, и поэтому не могут рассматриваться как одна и та же группа слов, и их особенности показаны.*

***Ключевые слова****: прилагательное, существительное, окончания, слово, категория принадлежности, множественное число.*

*The article deals with the research, distribution and features of adjectives in the Kyrgyz language. The difference between nouns and adjectives is that nouns lose their signifier when used individually, and adjectives always have a definite meaning; It is stated that when an adjective is in its true sense, it does not change with the categories to which it belongs, nor does it accept the member of the plural, but only with these members when it is present. It also provides basic information about qualitative and relative adjectives, their semantic division, syntactic construction of adjectives, category of degree, the nature of adjectives. In addition, adjectives and adjectives showed similarities and differences. Based on this similarity, it is shown that adjectives and adjectives are not the same in all respects, and therefore can not be considered the same word group, and their features are shown.*

***Key words****: adjective, noun, endings, word, category of belonging, plural.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



М.Кашгаринин эмгегинен кийинки башка тилдердин, түрк, перси, өзбек тилдеринин катарында кыргыз тилин изилдөөгө аракет жасалган эң алгачкы илимий эмгек катары М.Терентьевдин “Грамматика турецкая, персидская, киргизская и узбекская” деген грамматикасын эсептөөгө болот. Мында А.М. Казем-Бектин эмгегинин зор таасири байкалып турат. Негизинен, Казем-Бектин пикирлерине таянуу менен иликтөөгө алынган тилдерде зат атооч, сын атооч, ат атооч, этиш, тактооч, жандооч, байламта, сырдык сөздөр, атоочтуктар жана чакчылдар деген сөз түркүмдөрү бар деп белгиленет. Мында этиштин өзгөчө формаларынан болгон атточтуктар менен чакчылдар да өзүнчө сөз түркүмү катары жанылыш берилген [10].

Ал эми андан кийинки П.М. Мелиоранскийдин “Грамматика казак-киргизского языка” аттуу эмгегинде кыргыз тилиндеги сөздөр 8 сөз түркүмүнө бөлүштүрүлөт: зат атооч, ат атооч, сан атооч, этиш, тактооч, жандооч, байламта жана бөлүкчөлөр. Сын атоочтор зат атоочтордун ичинде каралат. Сын атооч менен тактоочтордун чегин да так ажыратпай: «Имена прилагательные часто употребляются в смысле наречий, без перемены формы, например, дурус-верно, жаксы-хорошо и т.п., причем значение их в этих случаях определяется ролью в предложении” [7].

Кыргыздын тун профессору К.Тыныстановдун “Эне тилибизде” (1928) сын атоочтун куранды мүчөлөрү (-чыл, -сыз, -чан, -луу, -лаш ) көрсөтүлүп [11] даража мучөлөрү да куранды мучөлөр деп берилген *(-ыраак,-гыл,-гыч,-ыш, -алжын, -тым)* [12].

И.А.Батмановдун “Части речи в киргизском языке” аттуу эмгегинде зат атоочтор мене сын атоочтордун ортосунда так ажырым болбогонуна карабастан, азыркы кыргыз тилинде дайыма сын атоочторду жасоочу айрым сөз жасоочу мүчөлөр бардыгын белгилеп, аларга *-луу* (суулуу - водянистый), -ий (маданий – культурный), *-дай* (тоодой-гороподобный), *-кы* (кышкы – зимний) тибиндеги мүчөлөрдү киргизет [4].

Бирок “Кыргыз тилинин грамматикасында” бул көз карашынан кайтып, сын атточторду жасоочу мүчөлөр катары *-гы, -ый* деген эки мүчөнү эле көрсөтөт. Зат атоочторго да, сын атоочторго да жана сан атоочторго да, тактоочторго да, тиешелүү мүчөлөргө төмөнкүлөрдү киргизет*:-дай; -луу; -лык; -сыз; -чыл; -чак; -ныкы*.

У.Асилбековдун грамматикасында сын атоочторду жасоочу мүчөлөр төмөнкүдөй үч түргө бөлүштүрүлүп берилет:

1) зат атоочтордон сын атооч жасоочу мүчөлөр;

2) сынды билдирген сөздөрдөн сын атооч жасоочу мүчөлөр;

3) этиштерден сын атоочторду жасоочу мүчөлөр деп туура бөлүштүрөт. Бирок автор мындан сырткары бар, жок, көп,аз сыяктуу сөздөр зат атоочтордон кийин келгенде сын атооч болот деп жаңылыш белгилейт да, сын атоочтордун жасалышынын төртүнчү жолу катары эсептейт: балыгы бар көл, эли көп шаар [3].

К.О. Бакеевдин “Кыргыз тилинин морфологиясында” сын атоочторду жасоочу мүчөлөр катары *–луу, -дай, -сыз, -чыл* мүчөлөрү гана көрсөтүлгөн, ал эми Д.Исаев менен К.Токоевдердин окуу китебинде сын атоочторду жасоочу мүчөлөр эки топко бөлүштүрүлүп каралат:

1) зат атоочтордон сын атоочторду жасоочу мүчөлөр;

2) этиштерден сын атоочторду жасоочу мүчөлөр [6].

Кыргыз тили илиминде сын атоочторду биринчилерден болуп атайын илимий тема катары тереңдетип иликтеп, кандидаттык диссертация жазган окумуштуу - Б.Үмөталиева. Ал У.Асылбеков сыяктуу сын атоочторду жасоочу мүчөлөрдү үч түргө бөлүшөт да, өнүмдүү, аз өнүмдүү жана өнүмсүз мүчөлөргө кеңири анализ жүргүзөт. Зат атоочтордон сын атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчөлөргө *-луу, -сыз, -кы, -чы, -чыл, -лаш, -дай, -лык* аз өнүмдүү жана өнүмсүз мүчөлөргө *-чан, -лак, -мер, -кор, -кер* мүчөлөрү жана терс форманы жасоочу араб иран префикстерин *-бе, -на, -да* киргизет: бейкаруу - несильный, бейтаныш - незнакомый, натуура - неверный, ж.б. Этиштик негиздерден сын атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчөлөргө *-шыч, -ыңкы, -ык* мүчөлөрүн, аз өнүмдүү жана өнүмсүз мүчөлөргө *-гыр, -чак,-калаң, -гыс, -анак, -ымсак, -аак, -ынды, -даак* мүчөлөрүн; сын атоочтор жаңы маанидеги сын атоочторду жасоочу мүчөлөргө *-ыш, -гылт, -ча, -ылтыр, -дай* мүчөлөрүн киргизет [13].

Сын атоочторду сапаттык жана катыштык деп бөлүп, сапаттык сын атоочтор затта ар кандай даражада болуучу сапаттык белгисин билдирерин, ал эми катыштык сын атоочтор заттын башка затка карата болгон катышына байланыштуу белгилерин билдирерин көрсөтөт. А.Н. Кононов, А.И. Исхаков, Н.К. Дмитриев, А.И. Батмановдордун пикирлерине кошулуп, *күмүш жүгөн-серебряная уздечка, темир айры – железный вилы* сыяктуу мисалдардагы биринчи түгөйлөрүн аныктооч – зат атооч, экинчи түгөйүн сөздөрдү аныкталгыч – зат атооч деп эсептейт [13]. У.Асилбековдун “бар, жок, көп, аз сыяктуу сөздөр зат атоочтордон кийин келгенде сын атооч болот” деген

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пикирине кошулбайт: “Бар и жок являются сказуемыми придаточных определительных предложений: Балыгы бар, эли көп и.т.п.” [13] Лексика-семантикалык жактан сын атоочторду төмөнкүдөй беш топко бөлүштүрөт:

*1) Өң-түстү билдирүүчү сын атоочтор*

*2) Дааамды билдирүүчү сын атоочтор*

*3) Форманы билдирүүчү сын атоочтор*

*4) Өлчөмдү жана көлөмдү билдирүүчү сын атоочтор*

*5) Мүнөздү, сапатты ж.б. билдирүүчү сын атоочтор* [13].

Түзүлүшүнө карай сын атоочторду жөнөкөй жана татаал деп карап, татаал сын атоочторду жасалыш өзгөчөлүгүнө карай тең байланыштагы татаал сын атоочтор жана багыныңкы байланыштагы татаал сын атоочтор деп экиге бөлүп иликтейт. Тең байланыштагы татаал сын атоочторго*: ак-кара, чоң-чоң, кара күрөң ж.б.у.с.* сөздөрдү, ал эми багыныңкы байланыштагы татаал сын атоочторго эки сөздүн биригишинен турган сын атоочторду киргизет: *жылаңбаш, терсаяк, көзү кара ж.б.* [13].

Сын атоочтун даражаларынын ичинен жай даражаны өзгөчө билгизбей эле койсо болот деп, салыштырма жана күчөтмө даражасына токтолуп өтөт [13].

С.Үсөналиев “Кыргыз тилин окутуу методикасында” сын атоочторду мектеп окуучуларына окутуудагы усулдук өзгөчөлүктөргө кеңири токтолуп өтөт. Көпчүлүк окумуштуулардын пикирин колдоп, сын атоочтор менен зат атоочторду, тактоочторду чаташтырбай түшүндүрүү жолдорун туура көрсөтөт, даража категориясына жай, салыштырма жана күчөтмө даража болорун,алардын жасалыш жолдорун үйрөтүүнүн усулдарын көрсөтөт [14].

С.Кудайбергенов, С.Давлетовдордун грамматикасында сын атоочтор жөнүндө өтө кеңири маалымат берилген. Сын атоочтор менен атоочтуктардын, зат атоочтордун, окшош жана айырмалуу белгилерин көрсөткөн “Заттардын белгилери этиштин өзгөчө бир формасы болгон атоочтуктар, кээде зат атоочтор аркылуу да туюнтулат. *Мисалы: Ишенбеген адам жылдыздын жарыгын шам менен издеген макооого тете (П.Б.) Аман болсо алтын баш, айланып кайта жетемин (Т).* Деген сүйлөмдөрдүн алгачкысында заттын белгисин туюндуруу үчүн атоочтуктар (ишенбеген, издеген), кийинкисинде зат атооч (алтын) колдонулган. Мындай окшоштукка карап сын атооч менен атоочтуктарды, зат атоочторду бардык жагынан бирдей сөздөр, демек, бир эле сөз түркүмү деп эсептөөгө мүмкүн эмес. Алардын өзгөчөлүктөрү төмөнкү белгилер менен аныкталат:

1) Атоочтук заттардын өзгөрүлмөлүү белгилерин туюндурат жана этишке тиешелүү категориялар боюнча өзгөрүү касиетин сактайт. Сын атоочтор болсо заттардын туруктуу-мезгилдик өзгөчөлүктөр менен байланышпаган белгилерин билгизет жана этиштик категориялар боюнча өзгөрбөйт.

2) Зат атоочтор заттардын эмнеден жасалгандыгын, материалын белги катары билгизсе (темир кашык), сын атооч андай өзгөчөлүктү билгизе албайт...” [5].

Мындан сырткары сын атоочтор менен зат атоочтордун айырмалуу жактары катары, зат атоочтор жеке, өзүнчө колдонулганда, белгини билгизүүчү касиетинен ажырары, ал эми сын атоочтор дайыма билгилик мааниге ээ болушу; сын атооч нагыщз өз маанисинде турганда жөндөмө, таандык, категориялар менен өзгөрбөй, көптүк сандын *-лар* мүчөсүн да кабыл албай тургандыгы, затташкан учурда гана бул мүчөлөр менен өзгөрөөрү белгиленген.

Сапаттык жана катыштык сын атоочтор, алардын маанилик бөлүнүшү берилген. Сапаттык сын атоочтордун алты,катыштык сын атоочтордун төрт маанилик түрү белгиленген. Сын атоочтордун жасалышында зат атоочтон сын атоочторду уюштуруучу өнүмдүү мүчөлөрү катары *-луу,-сыз, -дай, -лык, -лаш,* аз өнүмдүү мүчөлөр.

Сапаттык жана катыштык сын атточтор,алардын маанилик бөлүнүшү берилген. Саппаттык сын атоочтордун алты катыштык сын атоочтордун төрт маанилик түрү берилген. Сын атоочтордун жасалышында зат атоочтон сын атоочторду уюштуруучу өнүмдүү мүчөлөрү катары *-луу, -сыз, -дай, -лык, -лаш,* аз өнүмдүү мүчөлөр катары -чан, -гы, өнүмсүз мүчөлөр катары *-дар, -кор,-кер, -көй, -поз, -кел, -саак, -ий* мүчөлөрү көрсөтүлөт [5].

Этиштен сын атоочторду өнүмдүү жана аз өнүмдүү уюштуруучу мүчөлөр катары *-ык, -ма, -ынды, -гыс, -чаак, -ынкы, -ыш, -гак, -гыч;* өнүмсүз мүчөлөр катары: *-гыр, -калак,* мүчөлөрү көрсөтүлөт [5].

Сын атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы (кош жана кошмок сын атоочтор) даража категориясы, сын атоочтордун заттанышы жөнүндө негизги маалыматтар берилген. Буга чейинки грамматикалардан айырмаланып, даражанын төрт түрү көрсөтүлөт: жай, басаңдатма, салыштырма жана күчөтмө даража [5].

И.Абдувалаев, Т.Садыковдун 1997-жылкы “Азыркы кыргыз тилинде” сын атоочторго “Заттардын, буюмдардын, нерселердин, ар түрдүү заттык түшүнүктөрдүн сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, тул-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин жана башка белгилерин көрсөтүп, *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атооч дейбиз. М: *Оромол салган башы – алтын, олоңдой кара чачы – алтын* (Барпы).

Сын атоочтордун мүнөздүү белгилери катары төмөнкү белгилер көрсөтүлөт:

1. Сын атооч сөздөр заттагы, буюмдагы, нерседеги, ар түрдүү заттык түшүнүктөгү сапаттын, касиеттин, белгинин аз же көп, күчтүү же начар, чоң же кичине экенин билдирген даража категориясы боюнча өзгөрөт: *көк-көгүш, көгүрөөк, көпкөк, көкмөк, көгүлтүр, өтө көк;*

2. Сын атоочтун өзүнчө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар. Мисалы:

*-луу: ойлуу, билимдүү, келбеттүү, кылгандуу;*

*-сыз:күчсүз, пайдасыз, алилетсиз;*

3. Накта өз маанисинде турганда сын атоочко сан, жөндөмө, жак жана таандык категориялар мүнөздүү эмес;

4. Сүйлөмдө сын атооч сөздөр көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат: *Жалындуу жаштардын колунан баары келет.* Кээде баяндоочтун да милдетин аткарат: *Бешенең чолпон* ***жангандай,*** *беш үркөр* ***чыга калгандай;*** (А.Осмонов) Ал эми этиштер менен жанаша келгенде бышыктоочтун милдетин да аткарат: *Таалайга* ***дилгир*** *элимдин, тарыхын кенен жазбасам* (А.Токомбаев).

Сын атоочтор семантикалык жактан төмөнкүдөй лексика-семантикалык топторго бөлүнөрү белгиленген:

Өң-түстү билдирген сөздөр: *көк, ак, кызыл, сары, кара* ж.б.

*1)* Заттын ички, сырткы көрүнүш белгилерин билдирген сөздөр: *түз, ийри, тоголок* ж.б.

*2)* Кулк мүнөздү өзгөчөлүк белгилерди билдирген сөздөр: *акылдуу, акмак, жоо* ж.б.

*3)* Даам, жыт өзгөчөлүк белгилерин билдирген сөздөр: *таттуу, ачуу, ширин* ж.б.

*4)* Жылуулук өзгөчөлүктөрүн билдирген сөздөр: *суук, жылуу, ысык* ж.б.

*5)* Заттагы каттуу, жумшак, салмак сапаттарды билдирген сын атоочтор: *катуу, жумшак, орто* ж.б.

*7)* Заттардын эмнеден жасалгандыгын, келип чыккандыгын, материалын, тегин белги катарын билдирген сөздөр: *токойлуу, шаардык, уялаш* ж.б.

*8)* Мезгилдик, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белги катары көрсөткөн сөздөр: *кышкы, эртеңки, шаардагы* ж.б.

Сапаттык сын атоочторго “Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигий белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн-түз билдирет.Ошондуктан алардын мындай мүмкүнчүлүгү башка сөздөрдүн жардамысыз эле ишке ашат. Сапаттык сын атоочтор дээрлик тубаса сын атоочтор болуп эсептелет. М: *кызыл, чоң, кең* ж.б.*”* деген аныктама берилип, сапаттык сын атоочтор катыштык сын атоочтордон төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат:

*1.* Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү уңгу сөздор, ал эми катыштык сын атоочтордун бардыгы туунду сөздөр болуп эсептелинет.

*2.* Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү оз ара антонимдик катыштарды түзөт: чоң-кичине, ак-кара.

*3.* Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы заттардагы касиеттин, белгинин деңгээлин көрсөтүп, даража көрсөткүчтөргө ээ болот, 1980-жылы грамматикадагыдай эле катыштык сын атоочтор төрт маанилик түрлөргө бөлүнүп берилет.

Заттанган сын атоочтордун өзгөчөлүктөрү катары төмөнкү белгилер көрсөтүлгөн:

*1.* Заттанган сын атоочтор жакчыл таандык мүчөлөрү да, жалпы таандык мүчөнү да кабыл ала берет: *Бир кездеги жароокер,* **ырысташым** *Шайыргүлдүн атын булгагым келбеди* (А.Абдумомунов).

*2.* Заттанган сын атоочтор жонөкөй жөндөлүштө да, татаал жөндөлүштө да зат атоочтордой эле өзгөрөт:

**Жөнөкөй жөндөлүш**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А.** | *жашыл* | *тоголок* | *айылдык* |
| **И.** | *жашылдын* | *тоголоктун* | *айылдыктын* |
| **Б.** | *жашылга* | *тоголокко* | *айылдыкка* |
| **Т.** | *жашылды* | *тоголокту* | *айылдыкты* |
| **Ж.** | *жашылда* | *тоголокто* | *айылдыкта* |
| **Ч.** | *жашылдын* | *тоголоктон* | *айылдыктан* |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Татаал жөндөлүш**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А.** | *жашылым* | *тогологу* | *сырдаштыкты* |
| **И.** | *жашылымдын* | *тогологунун* | *сырдаштыкынын* |
| **Б.** | *жашылма* | *тогологуна* | *сырдаштыкына* |
| **Т.** | *жашылмды* | *тогологун* | *сырдаштыкын* |
| **Ж.** | *жашылмда* | *тогологуна* | *сырдаштыкында* |
| **Ч.** | *жашылмдын* | *тогологунан* | *сырдаштыкынан* |

*3.* Заттанган сын атоочторго, көптүк сан көрсөткүчү зат атоочтордой эле жалган барет: *Атайын кезек күткөн күрсүчөндөр, найзвчандар айкырык салды* (Т.Сыдыкбеков).

*4.* Сын атоочтор адамзаттык зат атоочторду алмаштырып заттанса, жак мүчөлөрүн кабыл ала берет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1-жак** | *жакшымын* | *балалуумун* | *шаардыкпыз* |
| **2-жак** | *жакшысың* | *балалуусуң* | *шаардыксыңар* |
| **3-жак** | *жакшы* | *балалуу* | *шаардык* |

*5.* Сын атоочтор илик жөндөмөсүндөгү атооч сөздөрдүн касиетин билдирген учурда да, б.а., илик жөндөмөсүндөгү атооч сөз менен айкашып келип да заттанып кетет: *Өтүктүн жылуусун алдым.*

К.Саматовдун "Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү" аттуу доктордук диссертациясында өң-түс аталыштары диахрондуу жана синхрондуу аспектиде караштырылат. Эмгек негизинен өң-түс аталыштарын жазуучу стилиндеги семантика – стилистикалык мүмкүндүктөрүн сыпаттого арналган [9].

И.Абдувалиевдин 2008-жылкы морфологиясында сын атоочтордун жасалышында буга чейинки грамматикаларда белгиленбеген сын тоочторду уюштуруучу мүчөлөр көрсөтүлгөн. Атооч сөздөрдөн сын атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчөлөр катары *-кы, -кер,-кор, -поз;* өнүмсүз мүчөлөр катары: *-көй, -дар, -ий, -дак, -мер, -ан, -сөөк, -караак, -кел, -дач, -өм, -гыл, -тал* мүчөлөрү көрсөтүлгөн. Этиштен сын атоочту жасоочу өнүмдүү мүчөлөр катары: *-ма, -ык, -ынды, -гыс;* өнүмсүз мүчөлөр катары : *-гыр, -калак, -гак, -ым, -ыл, -көөл, -чүк, -гач, -ын, -ар, -ка, -шы, -кыс, -гай, -каак* мүчөлөрү белгиленген [1].

2009-жылда жарык көргөн "Азыркы кыргыз адабий тилинде" да сын атоочтордун өзгөчөлүктөрү, затташкан сын атоочтор, сапаттык жана катыштык сын атоочтор, даража категориясы, сын атоочтордун жасалышы тууралуу өтө кеңири маалымат берилген.

Сын атоотордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүдөй көрсөтүлгөн:

1) Даража категориясы боюнча өзгөрөт: *жакшыраак, капкара, өтө кызыл.*

2) Өзүнө гана тиешелүү *-луу, -сыз, -чыл, -дай, -гыр, -чаак, -гылт, -гыч* өңдүү куранды мүчөлөрү бар: *күчтүү, алсыз, саргыч* ж.б.

3) Заттын сын сыпатын жана башка белгилерин көрсөтүп, адатта, жөндөмө, көптүк, таандык мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Бирок затташып заттык мааниде колдонулган учурда жөндөлөт, көптүк жана таандык мүчөлөрдү кабыл алат: *Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиер* (Макал).

4) Синтаксистик байланышы жагынан дайыма зат атооч, кээде этиш сөздөр менен айкашып айтылат: *Жакшы бала жакшы окуйт.*

5) Сүйлөм ичинде, негизинен, аныктоочтун, баяндоочтун, айрым учурларда сын-сыпат бышыктоочтун, заттанган учурдр ээнин, толуктоочтун милдетин аткарат: *Алыстан бийик тоо көрүнду.*

Бул грамматикада башка грамматикалардан айырмаланып сын атоочтордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүдөй белгилери да көрсөтүлгөн:

1) Сын-сыпаттын жетишсиздигин билдирүү мааниси бардык эле сын атоочторго мүнөздүү эмес, заттын өнү-түсүн билдирүүчү сын атоочторго гана тиешелүү. М: *аксаргыл, агылжым, көгүш.*

2) Сын атоочтун салыштырма даражасы сапаттык сын атоочтор үчүн мүнөздүү:

М: *жакшыраак, ичкерээк,эң жакшы*

3) Бирок айрым сындар да салыштырма даражада айтыла берет: *күчтүүрөк, тузсузураак, эң күчтүү* [2].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Сын атоочтор менен зат атооч, тактоочтордун окшоштук-айырмачылыгын чечмелөөдө айрым мүчү-лүштүктөргө жол берилет.

Ар бир сөз түркүмүнө мүнөздүү болгон негизги синтаксистик кызматы бар, ошону менен бирге алар сүйлөм ичинде кошумча синтаксистик милдетти да аткара берет. Алсак, сын атоочтор өзүнүн лексикалык маанисине ылайык көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарат. Бирок кээдде айрым сын атоочтор кыймыл аракеттин да белгисин көрсөтүп калат, мындай учурда алар, тактооч сыяктанып, сыпат бышыктоочтун милдетин да аткара берет: *Асан* ***жакшы*** *окуйт*. Мындагы жашы деген сын атооч сыпат бышыктоочтук милдетти аткарат [2]. Биздин ойубузча, сын атоочтор кыймыл-аракеттин белгисин билдирбейт, алар дайыма зат атооч менен гана байланышып келип, заттын ар турдүү белгисин билдирет. Этиштин түрдүү кыпдаалын, анын ичинде, сын-сыпатын билдирип келүүчү (жакшы) сөздөр дайыма тактооч болот. Бул грамматикада да сын атоочтор заттын белгисин түздөн-түз же башка заттар, түшүнүктөр менен болгон катышы, байланышы аркылуу билдиргенине жана грамматикалык айрым өзгөчөлүктөрүнө карай сапаттык сын атооч жана катыштык сын атооч болуп эки түргө бөлүнөт. Бирок башка илимий грамматикаларга караганда сапаттык жана катыштык сын атоочтордун семантика-лык-грамматикалык өзгөчөлүктөрү, даражалары, синтаксистик жол менен жасалган кош жана кошмок сын атоочтор жөнүндө маалымат кеңири берилет [2].

2010-жылы кыргыз-түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы басмадан чыгат. Бул эмгекте кыргыз жана түрк тилдериндеги сын атоочтор жөнүндө түшүнүк берилип, сапаттык жана катыштык сын атоочтор салыштырылат [8].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тил илиминде сын атоочтор XIX кылымдын 20-жылдарынан тартып мектеп грамматикаларында жана чоңдор үчүн окуу китептеринде, илимий грамматикаларда өзүнчө карала баштаган. 1950-жылдарга чейин негизинен сын атоочтор жөнүндө жалпы маалымат берилип келсе, 1950-жылдардан кийин грамматикаларда сын атоочтор жөнүндөгү маалыматтар улам кеңейтилип, такталып отурат. Бул багытта Б.Үмөталиева тарабынан кандидаттык диссертация жазылып, сын атоочторду уюштуруучу мүчөлөр, семантикалык, грамматикалык, структуралык жактан бөлүнүшү, даража категориясы иликтөөгө алынган. 1970-жылдардан тартып сын атоочторду окутуунун усулдук өзгөчөлүктөрү боюнча да илимий эмгектер жарык көрө баштаган. Ошентип, бүгүнкү күндө кыргыз тилиндеги сын атоочтордун морфологиялык, лексика-семантикалык жактан бөлүнүш өзгөчөлүктөрү боюнча кыйла кеңири маалыматтар бар, бирок грамматикалык жана лексика-семантикалык табияты, болүнүштөрү толук иликтенген деп айтуу кыйын, анткени бул багыттарда токтоону талап кылган жатары дагы арбын. Ал эми кыргыз тилиндеги татаал сын атоочтордун семантика-лык-грамматикалык өзгөчөлүктөрү азыркы күнгө чейин атайын илимий изилдөөлөрдүн объектиси катары колго алына элек десек жаңылышпайбыз.

**Адабияттар:**


1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Б., 2008.
2. АКАТ-Азыркы кыргыз адабий тили. - Б.: Аврасяпресс, 2009.
3. Бактыбаев У. Сын атоочторду жасоочу мүчөлөр. - Ф., 1940.
4. Батманов И.А. Части речи в киргизском языке. - Ф., 1936.
5. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. - Ф., 1980.
6. Исаев Д., Токоев К. Кыргыз тилинин окуу китеби. - Ф., 1936.
7. Мелиоранский П.М. Грамматика казак-киргизского языка. - М.Л., 1894.
8. Садыков К., Сагынбаева Б. Кыргыз-түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы. - Б., 2010.
9. Саматов К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү. / Филол. ил. докт. дисс. автореф. - Б., 2003. - 52 б.
10. Терентьев М. Грамматика турецкая, персидская, киргизская и узбекская. - М.-Л., 1875.
11. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Ф., 1934.
12. Тыныстанов К. Эне тилибизде. - Ф., 1934.
13. Уметалиева Б.Дж. Прилагательные в современном киргизском языке. - Ф.: Мектеп, 1965.
14. Үсөналиев С. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Ф., 1975.